ЖОЙС МАЙЕР

АБДЫРАП КАЛУУ АБАЛЫНАН КАНТИП ЧЫКСА БОЛОТ?

# Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн?

ЖОЙС МАЙЕР

АБДЫРАП КАЛУУ АБАЛЫНАН КАНТИП ЧЫКСА БОЛОТ?

# Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн?

**Эмне үчүн, Кудай, эмне үчүн?**
*Абдырап калуу абалынан кантип чыкса болот*
© 2020 Жойс Майер

**Why, God, Why?**
*How To Be Delivered From Confusion*
Copyright © 1995 by Joyce Meyer
Life In The Word, Inc.
P.O.Box 655
Fenton, Missouri 63026
All rights reserved

Ыйык Жазуу үзүндүлөрү Ыйык Китептин Үмүт Нуру миссиясы чыгарган котормосунан алынып, айрым учурларда Ыйык Китептин мааниси кеңири ачылган Amplified Bible англисче котормосунан кыргызчаланып берилген. Мындай учурлар (AB) деп белгиленген.

Бардык укуктар автордук укуктар жөнүндөгү эл аралык мыйзамдар менен бекитилген. Автордун кат түрүндөгү уруксатысыз китептин мазмунун жана/же мукабасын толугу менен же жарым-жартылай, кандай түрдө болсо да, көчүрүүгө болбойт.

# Мазмуну

Сөз алды ........................................................ V

1. Биздин башыбыз эмнеден маң болот? ........................ 1
2. Баш катырып, сөз көбөйтүүнү токтоткула! .............. 5
3. Ишеним деген эмне? ...................................................... 7
4. Ырайым ар бир күнгө өзүнчө берилет ..................... 9
5. Аттиң, башкача болгондо... ......................................... 13
6. Эгер мындай болсочу...? ............................................ 17
7. Бардыгын түшүнүүгө далалат койбогула ............... 21
8. Ой жоруулар адаштырышы мүмкүн ........................ 25
9. Будуң-чаң түшүү кубанычтан ажыратат ................. 29

Жаңыча жашай баштагыла ............................................ 31
Автор жөнүндө ................................................................ 33

# Сөз алды

"Ууру уурдоо, өлтүрүү жана жок кылуу үчүн гана келет. Мен адамдардын өмүргө, ашып-ташыган өмүргө ээ болушу үчүн келдим",– Ыйсанын бул сөзү Жакандын Жакшы Кабары 10:10до жазылган.

Шайтан силерди кубанычтан ажыратып, жашооңорду кыйындатууну каалайт. Менин сыйынганым болсо, бул китеп силерге бардык жагынан Кудайга ишенүүнү үйрөнүүгө жардам берсин. Бардык нерседе Кудайга таянууну үйрөнсөңөр, ошондо өзүңөр каалаган тынчтык менен кубанычка ээ болосуңар.

# 1

## Биздин башыбыз эмнеден маң болот?

Жашооңордо өзүңөргө түшүнүксүз болгон нерселер барбы? Кайсы бир нерсе шаштыңарды кетирип жатабы? Балким, жашооңордун дал ушундай болгондугунун себебин таба албай, айлаңар кетип жаткандыр. Кудайдан: “Эмне үчүн, Кудайым? Эмне үчүн менин жашоом башкача эмес? Эмне себептен ал дал ушундай болду? Мен түшүнбөй жатам!” – деп сурап жаткандырсыңар. Айласын таба албай жашаган адам көп. Бир кезде мен да ошондой болгом. Мындай абал чоң азапка салат. Ошондуктан элди эмнелер абдыратканы, кантип мунун алдын алса болору жөнүндө ойлоно баштадым.

Бир күнү мен Канзас Сити шаарында насыят айтып жаткам. Кызматта үч жүздөй киши бар эле. Алардын кимиси ошол мезгилде тигил же бул суроонун жообун таба албай жатканын сурадым. Эки кишиден башкасы колдорун көтөрүшкөндө канчалык таң калганымды айтпагыла! Кол көтөрбөгөндөрдүн бири өзүмдүн эле күйөөм болчу. Дээрлик баары бир нерседен уялгансып отурушту. Бул су-

роону мен башка чогулуштардан да бердим. Ошондо да дал ушундай көрүнүшкө күбө болдум.

Бул туурасында дагы да ойлонуп, эмнеден элдин ушунчалык шаштысы кеткендигин ачып берүүсүн Эгемден сурандым. Ал болсо мага жооп берип, мындай деди: «Аларга “эмне үчүн” деген суроонун баарына жооп табууга далалат кылбаса эле жаны жай аларын айт».

Эмнеден улам мурдагыдай өзүмдү жоготуп, каңгы баш болбой калганыма мына ошондо көзүм жетти. Азыр деле мен түшүнбөгөн нерселер көп. Бирок бул мурункудай тынчымды албай калыптыр. Бүт баарын түшүнөм деген көкөйдөн кетпеген ой менде болбой калган экем.

Бүт баарын билем, табышмактын баарын жандырам, баарын түшүнөм деген аракетиңерди токтоткула. Ошондо башыңар айланбай да калат. Жөнөкөй угулганы менен, мунун түбүндө терең маани жатат, анткени өзүбүздү жоготуу, айлабызды таппай калуу – бул акыл-оюбуздун эле абалы.

Аң-сезимибиз – өзүнчө бир майдан талаа. Анда шайтан менен алышып, биз же жеңишке жетебиз, же жеңилебиз. “Кудай тартипсиздикти эмес, тынчтыкты каалайт” (1 Коринттуктар 14:33). Шайтан болсо бардыгын будуң-чаң кылат. Ал алдыбызга Кудайдын Сөзүнө дегеле коошпогон жоромолдорду таштап коёт. Ал эми бул согушта шайтанды

жеңип чыгыш үчүн анын бизге таңуулаган ойлорун четке кагышыбыз керек.

> “Биздин курал-жарагыбыз денелик (адамдык) эмес, алар Кудайдын күчү менен чептерди талкалайт: аларды колдонуп, жүйөлөр менен теорияларды, ой жүгүртүүлөр менен Кудай берген (чыныгы) билимге каршы келген ар бир пикирди жокко чыгарабыз, ар бир оюбузду туткундап, Машаякка (Кудайдын Майланганына) багындырабыз”.
>
> 2 Корунттуктар 10:4-5 (АВ).

Эгерде Кудайдын Сөзү бизге бардыгын түшүнүүгө далалаттанбагыла десе, анда ошого аракет кылбай эле коёлу. Ал эми дагы деле бүт баарын чечмелөөнү каалап, акылыбызга тынчыбызды кетирген, санаага батырган ойлор келе берсе, аларды туткундап, Ыйсага багындыргыла. Ыйык Жазуунун бул жеринде биз согуш жүргүзүп жатканыбыз, ошол согуш көбүнесе аң-сезимибизде жүргөнү айтылып жатат. Шайтан акылыбызга чабуул салат. Кантип? Маселен, уятсыз, ыплас ойлор, кабатыр болуу, тынчсыздануу аркылуу.

Бул аятта теориялар менен ой жүгүртүүлөр жөнүндө да айтылат. Теория дегенибиз – бул кандайдыр бир көйгөй-маселени чечмекчи болуп түзгөн ар түрдүү планда-

рыбыз. Ал эми ой жүгүртүүлөр – бул өз суроолорубузга жооп табуунун жолу. Бирок ал жоопторду Кудай гана билет. Болгон күчүн күрөп, туш болгон жагдайынан чыгуу жолун таба албай калганда, адамдын шаштысы кетет. Чыгуу жолу болсо Кудайга гана белгилүү. Ал гана көйгөйдүн чечилиш жолун билип, кандайдыр бир себептен улам аны бизге ачпай жатат.

# 2

## Баш катырып, сөз көбөйтүүнү токтоткула!

Бардыгын тактап, ар нерсенин жообун издеп, баш катырган адатымдан арылганыма чыныгы баа берүү үчүн мурдагы ой жүгүртүүм кандай болгонун билүү керек.

Жапжаш болгон кезимде мен ичимден эч кимге көз каранды болбойм, баарын өз алдынча жасап, өзүмө өзүм кам көрөм деп чечим чыгарып алгам. Менин оюмча, мындай жүрүм-турум эң туура болмок. Эч кимге эч нерсени карыз болбош үчүн, эч кимден жардам да сурабайм деп чечкен болчумун. Ыза болуу менен кыйналуудан тажап, ушундай жол менен баарынан кутулам деп ойлогом.

Арийне, бул оюм таптакыр туура эмес эле. Бирок муну түшүнүүгө бир топ убакыт керек болду. Такай тынчым кетим, эмне болуп жатканын түшүнүш үчүн ойлоно берчүмүн. Сары санаа болуп, капага батып, көңүлүмө эч нерсе жакчу эмес. Бул ошол кездеги абалымдын бир сүртүм сыпаттамасы гана. Канчалык эч кимдин көзүн карабайбыз десек, ошончолук Кудайга үмүт кылуу биз үчүн кыйын бо-

лот. Ал болсо бардыгында өзүбүзгө ишене бербей, Ага бел байлап жашообузду каалайт. Ыйсага канчалык көз каранды болсок, ошончолук Ага таяна алабыз. Эмнелерди билишибиз керек болсо, ошону Ал бизге өз убагында ачып берери да калетсиз болуп калат.

Бирок мындай мамилени кошкөңүлдүк менен же мажүрөөлүк менен чаташтырбагыла. Мисалы, силерге же жакын досуңарга жаман бир нерсе болуп, эмне үчүн ошондой болгонун түшүнбөй жатсаңар, сөзсүз Ыйык Рухтан болгон жагдайдын себебин ачып берүүсүн сурангыла. Муну дароо ачып бербесе, капа болбогула: демек, мунун маалы келе элек. Ыйык Рух жообун бербей койбойт, бирок Ал муну Өзү туура деп эсептеген мезгилде кылат.

Эгерде суроо пайда болуп, анын жообун издеп, адашып кетсеңер, ошол жоопту Ал билген үчүн Кудайга ыраазычылык билдирип, бере турган жообун канча күтүш керек болсо, ошончо убакыт күтүүгө даяр экениңерди айткыла.

Эгерде Кудайга эч күмөн санабай ишенүүнү үйрөнбөсөңөр, өз суроолоруңарды жоопсуз калтырууга батына албасаңар, анда кайра-кайра айланар кетип, каңгыбаш бойдон кала бересиңер. Шектенбей күтүү – бул ишеним.

# 3

## Ишеним деген эмне?

Ишенимди доктрина (окуу) же биз Кудайдан бир нерсе алуу үчүн колдонгон каражат катары көрсө болот. Эфестиктерге жазылган кат 2:8-9да ырайымдын негизинде ишеним аркылуу куткарылганыбыз айтылган. “Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү” (Эврейлер 11:1). Ишенимди ар кандай сыпаттаса, ага ар кандай аныктама берсе болот, бирок мен өзүмдө ишеним бар же жок экенин түшүнүүгө жардам берген жөнөкөй формуланы чыгарып алдым. Ал мындай: кимде ишеним бар болсо, анын жашоого болгон мамилеси да башкача болот.

Ишеним жаныбызга тынчтык берет. Эврейлерге 4:3тө Кудайга ишенгендер Анын бейпилдигине (бейпил жайына) киришет деп айтылат. Андан ары, ушул эле бапта кимдер Кудай бейпилдигине кирсе (бейпилдикке кирүү эшиги ишеним экенин эстеңер), алар тарткан азабынан бошонуп, оор мээнетинен эс аларын окуйбуз (10-аят). Баарын түшүнүүгө далалат кылууну шайды оодуруп, далдыраткан эмгекке окшотсо болот.

Ишеними бар киши мындай дейт: "Мен бардык түйшүктөрүмдү Кудайга тапшырам, анткени Ал мен үчүн кам көрөт" (1 Петир 5:7). Же: "Баарын билип, түшүнүүнүн мен үчүн кажети жок. Бардыгын билген Кудайды тааныганыма эле ыраазымын!" Кудайдын жасаган иштеринен толук түшүнүк алууга тырышкандан көрө, Кудайды жакындан таанып билүүгө ынтызар болгула.

Кимдин ишеними бар болсо, ал кабатыр болбойт, эртең эмне болорунан коркпойт, анткени ал өзүнө белгисиз болгон нерсени Ыйса билерин түшүнөт. Эгебиз Ыйса мурда жана азыр бар болгон, келечекте кайра келе турган Эгедер экенин унутпагыла. Ал дүйнө жарала электе эле бар болгон. Ал дүйнөнү жаратууга катышкан. Төрөлө элегиңерде эле силер жөнүндө баарын билген. Силерди энеңердин курсагында түйгөн да Ал Өзү. Ал – Альфа жана Омега, бардыгынын башталышы жана аягы. Ал башында эмне болгонун гана эмес, аягында эмне болорун да, башталышы менен аягынын ортосундагы нерселердин баарын билет.

Анын экинчи ирет келишине чейин дагы убакыт бар десек, анда алдыбызда дагы көп эртеңки күндөр бар. Менин билгеним: эртең мени эмне гана күтпөсүн, эртеңки күнүмдү да, өзүмдү да Ал Өз колунда кармап турат (Ышайа 49:16). Бул мени кубантып, жанымды жубатат.

Кимдин ишеними бар болсо, ал бүгүнкү күн менен гана жашап, алдыга озуп кетпейт.

# 4

## Ырайым ар бир күнгө өзүнчө берилет

Бүгүнкү күндө жашагыла! Өткөндөгүлөр менен жашасаңар, өмүр кыя өтүп кетет. Кудай Өзүн "Мен болгом" деп атаган жок, Анын аты – "Мен бармын". Келечекти гана ойлоп да жашабагыла. Кудай Өзү жөнүндө "Мен болом" деп да айткан эмес. Бүгүнкү күндө жашагыла, ошондо жашоо кыйла оңоюраак болуп калат. Анын үстүнө ишеним да азыркы учурга таандык: ишеним болгон же болот да эмес, ал үмүттөнгөн нерсебиздин анык экенинен *азыр* шектенбөө.

Бороон болуп жатканда Ыйса Өз шакирттеринен: "Эмне үчүн мынча корктуңар?" – деп сурап, анан: "Кайраттангыла! Бул Менмин!" – деген (Матай 14:27). Анын сөзү силерге түшүнүктүү болдубу? Ыйсанын айтканы: "Мен азыр, ушул учурда бармын, Мен БАР болгон үчүн, баары жайында болот". Бүгүнкү күндө жашагыла! Кечээги күндү ойлонуп, эстей берсеңер, эртеңки күнгө кабатыр боло берсеңер, бүгүнкү күнүңөрдөн куру каласыңар. Силерге болсо бүгүнкү күндүн ырайымы берилген. Эртеңки күндүн ырайымы

эртеңке чейин келбейт. Кечээги күндүн ырайымын болсо силер эбак пайдаланып койгонсуңар. Кудайдын ырайымы – бул Анын силерге бир нерсе жасап алууга берген мүмкүнчүлүгү, силерге болгон жакшылыгы жана Ыйык Рухтун кудурети. Ошолордун аркасы менен жасай турган ишиңерди жасай аласыңар. Келечек үчүн болсо ырайымды биз алдын ала камдап ала албайбыз.

Ысрайылдар чөл кыдырып жүргөндө кандай жашаганы эсиңердеби? Күн сайын Кудай асмандан азык түшүрүп, табияттан сырткары жол менен аларды тоюндуруп турду. Ошол азыкты алар манна деп аташкан. Кудай унутуп, азык бербей калса, эмне болот деп, алар аны күн мурунтан көбүрөөк камдап алгысы келген. Бирок Жараткан Эге ишемби күндөн башка күндөрү маннаны бир күндүк өлчөмдөн ашык чогултууга тыюу салган. Эгерде алар ошого карабай, дагы бир күн үчүн деп, маннадан зарыл болгондон көбүрөөк чогултушса, ашыкчасы бузулуп кетчү.

Ушул туурасында ойлонуп көрсөңөр. Биз кээде дал ушундай кылат эмеспизби. Кабатыр болуп, баарын түшүнүүгө жана алдын ала билүүгө тырышканыңар эртеңки күнгө манна жыйнап алуу аракетине окшош. Атаңар болсо эртеңки күндүн камын ишенип Ата тапшырып коюуңарды каалайт. Ал бизди өз түшүнгөн-билгенибизге ишене бербей, бүт жан-дилибиз жана акылыбыз менен Ага бел байласын дейт (Нак. сөз. 3:5).

Бир жолу мен мындай бир окуяны окудум: Ыйса Машаякка арткан ишеними үчүн эки кишини адеп түрмөгө отургузушуп, эртеси күнү мамыга байлап өрттөмөкчү болушат. Ишенгендердин бири, улуурак киши, жеке тажрыйбасынан Кудай жолдорун жакшы билген. Экинчиси, жаш жигит, Эгесин абдан сүйгөнү менен, рухий жактан анча жетиле элек эле. Кечинде жаш ишенүүчү шам жандырам деп, колун күйгүзүп алат. Ошондо аны коркунуч басып: “Бир манжамды эле күйгүзгөндө ушунчалык катуу ооруду! Мамыга байлап өрттөшкөндө кыйналганымды көтөрө албайм,” – дейт. Улуураагы ага кайрат берип: “Балам, Кудай сенден колуңду күйүгүзүүнү суранган жок. Ошон үчүн ооруганын чыдагыдай ырайым да бербеди. Бирок Ал ишеним үчүн өмүрүңдү курман кылууну суранып жатат. Демек, таң атканда, эртеңки сыноодон өтүү үчүн сага ырайым берилет,” – деди.

Көрдүңөрбү, жетилген ишенүүчү көп жылдар бою Эгеси менен баарлашкан үчүн, эртеси күнү алардын үстүнө сөзсүз Кудайдын ырайымы түшөрүн билген. Ушул себептүү *ошол учурда эле* анда сооронуу бар болчу, анткени эртеси күнү от ичинде чыдап туруу жөндөмүн (*ырайымды*) Кудай ага сөзсүз берерине ал *ошол күнү эле* ишенип турган.

Бул мисал ишеним бизди тынчсыздануудан оолак кыларын көрсөтүп турат. Кимде ишеним бар болсо, анын жан

тынчтыгы да бар, анткени ал бир нерсени билет: Кудай Өзү эртеңки күндүн камын көрүп, эртең ага демейдегидей маннанын жаңы үлүшү берилет. Андай болсо, мурда эмне болгонун же кечелекте эмне болорун тынбай ойлоно бергенибизди токтотолу!

# 5

## Аттиң, башкача болгондо…

Филипиялыктар 3:13тө Пабыл элчи бизге өткөндөгүнү артта калтырып, келечекти көздөй умтулуу керектигин үйрөтөт. Өткөн окуяларга бизди өзүбүздүн эле санааларыбыздан башка эмне байламак эле? Өткөн жашоосу менен жашаган адамдар көп. Бүгүнкү күн болсо өтүп кетет, ал кайра кайрылбайт.

Айтсаңар, өткөндөгү каталарыңарды кайра-кайра баштан кечиргендей болуп көрдүңөр беле? "Эмне үчүн ошондо эле ушундай кылбадым?" "Жанакы сөздү айтпасам же ошондой кылбасам, кана…". "Аттиң, кылган ишим башкача болгондо…" Ушундай ойлордон кыйналып, ыза болдуңар беле? Ушул өңдүү "эгерде башкача болсо" деген ойлордон сактангыла! Балким, ошол учурда туура өңдөнгөнүн кылгандырсыңар, бирок, ошого карабай, иштин акыры анча жакшы болбой калгандыр. Эми болсо: "Эмне үчүн баары дал ушундай болуп калды? Эмне үчүн, Кудайым? Муну түшүнбөй жатам. Бирок ушунчалык түшүнгүм келип жатат! Билбей жашаш дегеле мүмкүн эмес! Эмне кы-

ларымды билбей калдым!" – деп, мунун себебин түшүнүүгө дама кылып жатасыңар.

Силерге түз эле айтайын: мындай ойлор айлаңарды куруткандан башка эч нерсе кылбайт! Көп жылдар бою мен да өзүмдү ушинтип кыйначумун. Бир күнү болсо мындан майнап чыкпасын түшүндүм. Өткөн жашоомдо азыр да акылыма сыйбаган нерселер көп. Бирок Кудай мурункуну калтырып, алдыга кадам шилтөөнү үйрөттү. Ушул үчүн мен Ага аябагандай ыраазымын, анткени толук бейпилдик менен тынчтыкка ээ болуп, аларды азыркыга чейин жоготпой келем.

Бүт баарын чечмелейм дегендерге эмес, ойдун баарын Кудайга топтогондорго Ал Өзүнүн жеткилең тынчтыгын берет (Ышайя 26:3).

Жашоо адилетсиздикке толгон деп эсептеген адамдар көп. Мурда мага көп эле учурда кыянат мамиле жасалган. Силерге да ошондой болгон болушу керек. Кийин бул көп көйгөйдү пайда кылып, ачуу таарынычтарга жана терең жан жарааттарына алып келген. Ошондогу көйгөлөр чечилип, жараттар айыгышы үчүн жылдар талап кылынды.

Көп жыл бою өзүмдү аяп, башкалардан да боор ооруйт деп күткөм. Ызаланып да, ачууланып да, эмне себептен мага мындай катаал мамиле кылышканын ойлой берчүмүн. Эмне үчүн Кудай мага жардам берген жок? Эмне үчүн бир да адам жардамга келбеди? Акыры өзүмдү

өзүм бактысыз кылып жатканыма көзүм жетти. Бүгүнкүгө берилген убакыттын баарын мурда болгон нерселерди түшүнүүгө кетирип жаткан экем. Аңгыча Кудай мага сүйлөп: "Жойс, сен же бир байкуш, же кайраттуу адам боло аласың. Кайсынысын тандайсың?" – деди.

Кээ бирөөлөр мурунку таарынычтарын, кээ бирөөлөр мурдагы ийгиликтерин ойлоп жашайт. Бул дагы өзүнчө бир туткунчулук. Ийгилигиңердин себеби эмнеде болгонун ойлоп, ошону дагы бир жолу пайдаланып, жаңы жеңиштерге жетейин деп жаткандырсыңар. Мен да мурда өткөндөгү жеңиштеримди "тамшануу" менен көп ойлой тургам. Бирок бул алдыга, жаңы жетишкендиктерди карай жылууга жолтоо болгон. Өткөн нерселердин өткөн чакта эле калганы жакшы. Ошол убакта силер жеңишке жеткен, же, балким, жеңишти колдон чыгарып алган болгондурсуңар. Кандай болсо да, өткөн иш өткөн. Ал артта калды. Силер болсо бүгүнкү күн менен жашашыңар керек!

Мени туура түшүнгүлө: жанга жаккан нерселерди эстегенибиздин эч жамандыгы жок. Бирок өткөндүн алкагынан чыкпай жашасак, ал кандай гана сонун болбосун, ошону менен өзүбүздү бактысыз кылабыз. Жашооңордун кайсы бир окуясы артта калганда, бут алдыңарга өткөндү жапкан көшөгө түшкөн сыяктуу болсун. Андан аттап, алдыга, Кудай силер үчүн даярдап койгон жаңы, мурдагыдан да жакшы нерселерге умтулгула.

Дагы бир ирет кайталап айткым келет: “эгерде (башкача) болсо” деген ойлорду кубалагыла. Жаман бир нерсе болгондо, бизге “*эгерде* мен башкача кылсам, эмне болмок” деген ой келет. Ал эми жакшы бир нерсе болсо, андагы оюбуз: *эгерде* бул дагы кайталанса, сонун болор эле.

*Мурункуну* унуткула*! Азыр* жашагыла!

# 6

## Эгер мындай болсочу...?

“Эгер мындай болсочу” сыяктуу ойлор – бул амалкөйдүн кызыган жебелери, бул жебелер менен ал силердин аң-сезимиңерди аткылап жатат (Эфестиктер 6:16). *Эгер* акча жок бол*сочу*? *Эгер* мени бирөө таарынтып кой*сочу*? *Эгер* катуу ооруп кал*самчы*? *Эгер* ишимди жогот*сомчу*? *Эгер* өмүр бою жалгыз жаша*самчы*? *Эгер* жаңылыштык кетир*семчи*? *Эгер* колумдан эч нерсе келбей кой*сочу*? *Эгер* аларга шылдың бол*сомчу*? *Эгер* мени четке кагыш*сачы*?

Деги бул тизменин аягы жок.

Бирок муну ойлонуп көрсөңөр: ар бир бул өңдүү “эгер” дегендин артында тизмектешкен кайгылуу ойлор, өкүнүү, ыза, коркуу сезими турат. “Эгер мындай болсочу” деген ой бизди келечекке каратып, али боло элек жана эч качан болбой да калышы мүмкүн нерседен коркутат. Же болбосо көңүлүбүздү өткөндөгүлөргө буруп, кайрылып келбес нерселер жөнүндө өкүнтөт. Дал ушул ойлорду биз “туткундап, Машаякка багындырышыбыз” керек!

Бир нерсени айтып берейин. Бир кезде бизге кызмат өткөрүү үчүн имарат керек болуп калды. Беш жылдан бери пайдаланып келген имаратыбызды бузушмак жана анын ордуна чоң дүкөн салышмак. Чоң имарат жай издей баштадык, ага кеңселерибиз да, кызмат өткөргөн зал да жайгашып, балдар бөлмөлөрү менен жекшембилик мектеп да батышы керек эле. Дагы бизге болжолу менен үч жүз автоунаа туруучу жай керек болчу. Мындай имарат табуу оңой иштей көрүнгөн. Бирок андай болбоду. Ылайыктуу имаратты эки жыл издеп, сунуш кылынган жүздөгөн вариантты карап чыктык. Акыры аракеттерибиз туюкка такалгансыды. Аңгыча шайтан: “эки жыл өтүп, имарат дале табылбасачы” деп, мага “кызыган жебелерин” ыргыта баштады. Эгерде имараттын баасы мынчалык көтөрүлүп кете электе макул болсом, азыркыдай жагдайда болмок эмеспиз. Эгерде мындай иштерди жакшыраак түшүнсөм, анда эмне кылышты да билет элем. Эгер жерди алып, курулуш жүргүзүүгө уруксат албай калсамчы? Өтө кымбат баа төлөп, анан арзаныраак бир нерсе тапсамчы?

Кудайга шүгүр, жаңы имарат издеп табуу зарылчылыгы келип чыга электе эле, Ал мага ушундай ойлорду кубалоону, бул өңдүү ой толгоолорго баш отум менен кирип кетпөөнү үйрөттү. Мындай жагдай эки жыл мурун пайда болсо, жүрөгүм үшүп, абдырап, мен өзүмдү бир байкуш сезмекмин.

Азыр жасаган кадамдарыбыз Эгебиз тарабынан белгиленгенинен эч шек санабайм (Забур 36:23). Биз сыйынабыз, Ага үмүттөнөбүз, Анын эркин аткарууну каалайбыз, ошон үчүн Ал бизди жетелеп, биз керектүү учурда керектүү жерде болобуз. Кудай эч качан ашыкпайт жана эч качан кечикпейт. Имарат издеп жатканыбызда ылайыктуу өңдөнгөн варианттар чыгып жатты, бирок эмне кылсак да, колубуздан эч нерсе келген жок. Ал эми керектүү учур келгенде Кудай бизге эң сонун имарат берди. Мындан ары да Ал бизди зарыл болгондун баары менен камсыз кылып турарын билем.

Эми, бизге канча деген ар кандай сунуштар түшкөнүн эстегенде, эмне үчүн имарат маселеси узак убакыт бою чечилбей, жасаган аракеттин баары натыйжасыз калганын түшүнөм. Мунун себеби мындай: Кудай белгилебеген убакта бир нерсе кылып көрсөк, ишибиз оңунан баштанбайт.

Кудай Өзү эмне кылып жатканын жакшы билет. Ар бардыгын көзөмөлдөп турат. Мен болсо жайбаракат отура берсем болот, анткени мени эмне күтүп жатканын билбесем да, мен мунун баары маалым болгон Бирөөнү билем!

Силерчи? Силер Ыйсаны тааныйсыңарбы? Таанысаңар, анда Баарын билүүчү, Баарына кудуреттүү жана Бардык жерде болуучу Кудайды билесиңер. Күч-кудуреттин, билимдин баары – Анда. Ал бир эле убакта бардык жерде боло алат. Ошон үчүн тынчыңарды кетирбей эле койгула!

Мындай жагдайды элестетсеңер: баары кандай болорун ойлонуп, ошол жөнүндө ой жүгүртүп, болжолдоп жатасыңар, Кудай болсо баарын таптакыр башкача жасап коёт! Демек, ой жүгүртүп, болжолдоп кетирген убактыңар бекер ысырап болуптур! Андыктан силерге мындай кеңеш берет элем: тынчтанып, Кудайга Өз кудайлык ишин кылууга мүмкүндүк бергиле.

# 7

## Бардыгын түшүнүүгө далалат койбогула

Бир кезде Кудайдан мага ажырата билүү касиетин берүүнү сыйынып сурангам. Тынбай сыйына бергенимде, Ыйык Рух мага мындай деди: “Эгерде бүт баарына түшүнүк издөөнү токтотпосоң, Жойс, анда болуп жаткандарды ажыратууга эч качан жөндөмдүү болбойсуң”.

Табигый адам рухий чөйрөгө тийиштүү нерселерди түшүнбөйт (1Корунттуктар 2:14–16). Эгерде мен өз рухумда кандайдыр бир белги алып, ошол белгинин туура-туура эместигин ойлоно баштасам, анда эч качан алдыга жыла албайм. Эмне үчүн? Жообу Корунттуктарга жазылган кат 2:14тө камтылат – табигый адам Рухтан болгонду түшүнбөйт, анткени Рух бергенди рух аркылуу гана аңдап билсе болот. Рухуңар акылыңар билбегенди билет.

Эгерде жогорудан туулган болсоңор, анда Ыйык Рух силердин рухуңарда жашайт. Ал бизге көп нерсени ачып бергиси келет, бирок кээде Анын ачып бергендери өзүбүздүн түшүнүктөрүбүзгө дал келбесе, биз аларды кабыл албай коёбуз.

Мисал келтирейин. Бир күнү эртең менен, жыйынга камынып жатып, негизги жардамчыларыбыздын бири бол-

гон жана өзгөчө берилгендиги менен айырмаланган бир аял жөнүндө ойлонуп кеттим. Ага кандайдыр бир жакшылык кылгым келди. “Эгем, Рутка мен эмне кылсам болот?” – дедим. Ошол замат Эгедер мени ага жаңы кызыл көйнөгүмдү берип коюуга шыктандырып жатканын сездим. Көйнөктү алганыма үч эле ай болгон, ал мага аябай жакчу, бирок аны бир да жолу кие элек элем. Ал дүкөндөн алынып келген баштыгында, бир да этикеткасы үзүлө элек бойдон илинип турган. Рут сөөктүү, өлчөмү меникинен чоң аял эле. Кызык жери, алиги көйнөк да калган кийимдеримден бир өлчөм чоңураак болчу. Аны дүкөндөн алып жатканымда, мага чак өлчөмү жок болуп чыккан. Бирок ал ашыкча өлчөмү көзгө билинбегендей кылып бычылган болчу. Анын чоңураак экенин эч ким байкамак да эмес. Рухумда ошол көйнөктү Рутка берүү ниети пайда болору менен, акылым дароо: “Эгем, ал жаңы да!” – деди.

Ырас, бул “олуттуу” жүйөө эле! Менин акылым, табигый адамым рухум менен талашып жатты. Анан мен дагы бир ирет Эгеме: “Сен жапжаңы көйнөгүмдү берип салсын дебейсиң да, чынбы?” – дедим. Чындыгында болсо Ал эски, кийилген көйнөгүмдү эмес, дал ошол, жаңы көйнөгүмдү берүүмдү каалаган.

Көрдүңөрбү, биз үчүн эч наркы жок болуп калган нерседен ажыроо оңой. Ал эми жаңы кызыл көйнөктү берүү оңойго турбады. Бул үчүн катуу ойлонууга туура келди.

Акыркы жүйөм күлкүнү келтирерлик эле болду. “Эгем, ушул көйнөккө жарашкан кооз күмүш сөйкө алып койбо-

дум беле," – дедим мен, жалбара, Эгем боор ооруйт деген үмүт менен. Бардык жүйөмдү Ал унчукпай укту. Ошондон улам, Анын оюу боюнча, көйнөк менен кошо сөйкөнү да берип койсом болорун түшүндүм.

Кудай биз менен талашпайт. Ал бизди бир нерсеге шыктандырышы, бизге акырын, сейрек учурда – катуу үн менен сүйлөшү, же болбосо, тигил же бул маселе боюнча билим бериш үчүн, Ыйык Жазуу аяттарын колдонушу мүмкүн. Кудай силерге Өз эркине жана Сөзүнө туура келбегенди кылдырбайт. (Үндөр туурасында айтсак: Ыйык Рухтун үнүн башка үндөрдөн айырмалоону үйрөнгүлө.)

Ошентип, ичимден көйнөктү Рутка беришим керек экенин билип турсам да, көйнөгүмдү аяп, андан айрылгым келбей жатты. Кудайды антпеш керектигине ынандырыш үчүн, ошого каршы жүйө артынан жүйө айтып жаттым. Кудай болсо мени менен талашкан жок. Болгону, айтар сөзүн айтты. Баары Рут жөнүндө, ал биз үчүн кандай бата болгону жөнүндө ойлоп, ага кандай жакшылык кылсам болот деп, Кудайдан өзүм кеңеш *сураганымдан* башталды. Ал мага сураган кеңешимди берди, бирок ал кеңеш мага жакпай калды. Рухум болсо Кудайдыкы туура экенин билген. Эми чечим чыгарышым керек болуп турду.

Мен чечим чыгарууга шашпадым. (Кудай бир нерсе жасоону буйруп, ошону жасагыбыз келбегенде, биз көп учурда ушундай кылабыз. Бул өз тил албастыгыбызды жаап-жашыруу аракетибиз гана.) Чечим чыгарууну кечеңдетүү же убакытты созуктуруу тил албаганыбызды билдирет. Чыны-

гы тил алчаактык – жөн гана жакшы ниет эмес, айтканды аткаруу.

Бир нече апта өтүп, Рутка көйнөк беришим керек экенин унутуп калдым. Кудай болсо унуткан жок. Рут үчүн кезектеги сыйнуумда ага кандай бата бере аларымды Кудайдан сураганымда, Ал жанакы эле кызыл көйнөктү эсиме салды. Акыры Кудайдын тилин алуудан башка айлам жок экенине көзүм жетип, ага көйнөктү бердим. Мына ошондо көйнөк үч ай бою пластик баштыгынан алынбай, шкафта илинген бойдон калып, аны бир да жолу кийбегенимдин себеби, өзүм билбей, аны чындыгында Рут үчүн алганымда болгонун түшүндүм. Арийне, Эгебиз баарын күн мурунтан билет. Биз болсо Анын тилин алуунун ордуна андан чегинүүнүн жолдорун издейбиз. Анткени, Корунттуктарга жазылган каттын 2-бабында айтылгандай, табигый адам рухий адамды түшүнбөйт.

“Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн? – деп сурайт табигый адам. – Эмне үчүн мени ушундан кечсин дейсиң? Муну оңоюраак жол менен жасаса болбойбу?”. Ыйык Китепте мындай ой жүгүртүү “күнөөлүү табиятыбыздын каалоосу” деп аталган. Мындай ой жүгүртүү тынчыбызды кетирет (Римдиктер 8:5–6ны карагыла).

Бул китептин негизги максаты эмнеде болгонун унутуп калсаңар, эсиңерге салып коёюн: силерге эмне себептен “Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн?” сыяктуу ойлор бизди дүрбөтүп, тынчыбыз менен кубанчыбызды кетиргенин көрсөткүм келет.

*Жашооңордон ырахат алгыңар келеби? Анда мындай ойлогонуңарды токтоткула!*

# 8

## Ой жоруулар адаштырышы мүмкүн

Эч качан алданбоонун бирден-бир жолу – Ыйык Рухтун жетегине сезгич болуу. Шайтан Ыйык Рухка эмес, өз акылы менен сезимине ишенген жана Кудайдын эркинен көрө өз эркин аткарган машаякчыларды издейт. Эгерде бизге кандайдыр бир жамандык болуп кетпесин десек, анда Ыйык Рухтун жетеги менен жүрүшүбүз керек.

Биз ар нерсенин ордун таап коюштурууга көнүп калганбыз. Ар бир көрүнүшкө түшүнүк тапкыбыз келет. Суроолорубуздун жоопсуз калганы бизге жага бербейт. Бирок айрым суроолорду жоопсуз калтыруу аркылуу Ыйык Рух бизди момундук менен ишеничке үйрөтөт. Бир нерсенин жообун билбесек, анда бизде же токтоп, Кудайдан үмүттөнүүдөн, же тынчсызданып, бардыгын өз алдынча чечмелөөдөн башка жол жок.

Адам тобо кылып, Ыйсаны кабыл алгандан кийин, Ыйык Рух жаңы ишенген адамды рухий жактан жетилтүү үчүн аны менен иштей баштайт. Бардыгын толук түшүнбөй жатса да, Атасына ишеним арта алган ишенүүчү рухий жактан жетилген болуп эсептелет. Мына ушул себептен улам Кудай бардык эле суроолорубузга жооп бере беребейт. Ал бизге Өзүнө ише-

ним артууну үйрөтөт. Анын үстүнө, жооптун баарын алсаңар, Кудай эркинин аткарылышына жолтоо болушуңар мүмкүн.

Кудай Сөзү аркылуу өз акылыңарды жаңыртмайын, акыл-оюңар "пенделик", "табигый" бойдон кала берет. Римдиктерге жазылган каттын 8-бабында табигый (күнөөлүү табиятыбызга жараша) жана рухий акыл жөнүндө сөз болот. Галатиялыктарга жазылган кат 5:17де күнөөлүү табиятыбыз рухка, рух күнөөлүү табиятыбызга каршы болуп, алар бири-бирине жат экендиги айтылат.

Бул бөлүмдүн башында айткан оюбузду кайталап коёлу. Бүт баары ирettүү көрүнсүн үчүн, биз бардыгын текчеге коюп, кутуга салууну каалайбыз. Бул пендече ой жүгүрткөнүбүздүн белгиси.

Бир кезде кеңсебизде көп почто кутучасы бар болчу. Алардын ар бирине кеңсенин бир кызматкеринин аты жазылган эле. Кайсы бир кызматкерге көрсөтмө беришим же жөн эле бир нерсе берип жиберишим керек болсо, кагазга жазып, анын кутучасына салып койчумун. Кызматкер берилген тапшырманы аткарбай койгон учурларда себебин иликтесем, катты туура эмес кутучага же эч ат жазылбаган кутучага салып койгонум аныкталчу.

Эгем почто кутучаларына байланыштуу окуяны пайдаланып, мага бир нерсени үйрөттү. Эми ошону мен силерге да үйрөткүм келет. Кудай мага кызматкерлерге жазган каттарым туура эмес кутучага түшкөн сыяктуу, менин тигил же бул окуя жөнүндөгү ой жоруларым да акылымдагы туура эмес "текчелерге" коюлуп жатканын көрсөттү. Мага бардыгы түшүнүктүү болсун үчүн, мен дайыма өз оюмда бүт баарын

орду-ордуна койгум келчү. Ой толгогон мага аябай жакчу. Көп учурда Кудайдан: "Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн?" – деп сурай берчүмүн. Жооп албай калсам, чакчелекей түшүп, тынчым кетип, жүрөктөгү кубанчымды жоготчумун.

Эгем көрсөткөндөй, мен көп учурда бардыгын түшүнөм деп ойлоп жана өз түшүнүгүмө жараша иш кылып, жаңылышып жүргөн экем. Бардыгы кыйла чаташып калгандан кийин, кайра эле "бир нерсени туура эмес кутуга салып койгонум" ачылчу. Муну Кудай "Өзүңдү акылман эсептебе, Жараткан Эгеден корк, жамандыктан кач" (Нак.сөз.3:7) – деген икая аркылуу түшүндүрдү. Эгем мага өзүм ойлогондой акылман эмес экенимди анык кылды. Биз өзүбүз жөнүндө баарын билебиз, баарын түшүнөбүз деп ойлойбуз, бирок Накыл сөздөр 3:5-6да мындай делген: "Эгеңди эш тут, Ага ишен, бүт жүрөгүң жана акылың менен Андан үмүттөн, өз түшүнүгүң менен өз акылыңа таянба. Бардык жолдоруңда Аны таанып бил, Ал жолдоруңду көрсөтүп, аларды түз жана ачык кылып берет" (АВ).

Бир нерсени Кудай Өзү түшүндүргөндө, силер эч күмөн санабай, абдырабай каласыңар. Ал эми бир нерсени өзүңөр аныктап, өз акылыңар менен түшүнүүгө аракет кылсаңар, мурдагыдан да көп чаташып, чындыкты билбеген бойдон калышыңар мүмкүн.

Ар бир жагдайга ар башкача: туура же туура эмес, рухтун жетеги менен же күнөөлүү табиятыбыздын жетеги менен мамиле жасаса болот. Келгиле, кимдир бирөө мага пайгамбарчылык айтып, мен аны толук түшүнө албай жатам, же болбосо рухий мааниси бар түш көрүп, ошол маани-

син билбей жатам дейли. Анда мен асмандагы Атама кайрылып, мындай деймм: “Атаке, мен муну түшүнө албадым, бирок ушунчалык түшүнгүм келип турат. Суранам, мага Өзүң түшүндүрүп берчи”. Сыйынып бүтүп, түшүнбөстүгүмдү “текчеге” коюп коём. Башкача айтканда, Кудайдын колуна тапшырып, ал жөнүндө башка ойлонбой калам. Эгерде өтүнүчүмдү аткарууну туура тапса, Ал керектүү убакта алиги пайгамбарчылыкты же көргөн түшүмдү “текчеден” алып, эсиме салат. Жакандын Жакшы кабары 14:26да Ыйык Рух бизге баарын үйрөтөт деп айтылган. Көзүм жетпеген нерсени түшүнүүгө Ал мага жардам берет.

Мындай жагдайда мен башкача да кылышым мүмкүн: пайгамбарчылык угуп же түш көрүп, аны өзүм эле жорууга аракеттенишим мүмкүн. Көп адамдар менен сүйлөшүп, кызыгуу менен алардын оюн сурашым мүмкүн. Албетте, ар кандай кишилердин пикири бири-биринен кыйла айырмаланмак. Ошондом улам башым маң болмок. Акыры бир бүтүмгө келип, мен аракет кыла баштамакмын. Көргөн түшүм же алган пайгамбарчылык жөнүндөгү тыянактарымдын негизинде иш кылып, чоң кыйынчылыктарга кабылмакмын.

Эсиңерде болсун, мындай ой жоруулар дүрбөлөң салып, каңгы баш кылат. Биз таптакыр эле ой жүгүртпөшүбүз керек дегенден алысмын. Айтайын дегеним, Кудай али ачып бербей жаткан нерсени өзүбүз эле билип алабыз деп жан талашпашыбыз керек. Антпесе ого бетер адашып, ого бетер абдырап калабыз.

*Айлаңар кетип бараткандын сезгенде, бул силер үчүн бир нерсени туура эмес жасап жатканыңардын белгиси болсун.*

# 9

## Будуң-чаң түшүү кубанычтан ажыратат

Бир нерсеге силерди ынандырып койгум келет: *айла кетүү Кудайдан эмес.* Корунттуктарга жазылган кат 14:33тө айтылгандай, Кудай тартипсиздиктин, же, сөзмө-сөз грекчесинен алганда, башаламандыктын Кудайы эмес. Колостуктарга жазылган кат 3:15те мындай кеңеш берилет: ичибиздеги тынчтыктын чечим чыгаруубузду багыттап турган сот болуусуна жол бергиле. Ошол тынчтык, сотко окшоп, кайсы чечимибиз туура, кайсынысы туура эмес деп табылганын айтып турат.

Айлабыздын кеткени тынчтыктын карама-каршысы болуп эсептелет. "Чакчелекей" деген сөз "чаташкандык, делдейгендик, дүрбөлөң, тартипсиздик, даана эместик" деген маанилерди билдирет. Ал эми "тынчтык" деген сөздүн мааниси – "тартип, бейкапарлык, канааттангандык". Эгерде адамдын жаны тынчтык таппаса, анда кубаныч да болбойт. Ыйса ууру-нун уурдоо, өлтүрүү жана жок кылуу үчүн келерин, Өзүнүн болсо бизди өмүргө, болгондо ырахаттанып жашаган өмүргө ээ кылуу үчүн келгенин айтат (Жакан 10:10).

Бир нече жыл мурун мен Кудайга кубанып, өмүргө ырахаттанам деп бекем чечим кабыл алдым. Эгерде Ыйса жөн

эле өмүргө ээ болушум үчүн эмес, ошол өмүрдөн жыргалчылык алышым үчүн келсе, анда берген өмүрүнө жыргап жашаганга аракет кылганым оң.

Ыйса ишенгендерге "Өзүндө болууну" үйрөтөт (Жакан 15:4–10), бул тынчыкка бөлөнүүнү да билдирет. Анан сөзүн улап, Ал дагы мындай дейт:

"Силерде Менин кубанычым жана жыргалчылыгым болсун деп, силерде толук, жеткилең жана чексиз кубаныч болсун деп, Мен силерге ушул сөздөрдүн баарын айттым" (15:11 – AB).

Мында бир эле ой бар: Кудай биздин өз жашообузга машыркап жашообузду каалайт. Дүрбөлөң түшкөнүбүз болсо буга жолтоо болот.

Аягында болсо силерди буга чакырар элем: далдырап, кыйналып эмес, кубанып жашайм деп чечим чыгаргыла. Бул үчүн болсо бардыгын түшүнөм, бардыгын баамдап алам деген көндүмдөн баш тартыш керек. Ырас, баарын чечмелегибиз келет, бирок, келгиле, Кудайга ишеним арталы, бардык жоопту Ал Өзү туура тапкан убакта берериНен күмөн санабайлы.

Баш катырганыбызды койсок, тынчтык менен кубанычка ээ болорубузду мен анык билем.

# Жаңыча жашай баштагыла

Кудай силерди сүйөт, Ал силер менен жакын, бекем мамиледе болгусу келет. Эгерде Ыйса Машаякты өз Эгеңер жана Куткаруучуңар катары кабыл ала элек болсоңор, анда муну азыр эле кылсаңар болот. Ага өз жан-дилиңерди ачып берип, алдыңардагы сыйынуу менен сыйынгыла:

*«Ата, мен Сенин алдыңда күнөө кетиргенимди билем. Суранам, мени кечире көр. Мени тазала, адалда. Сенин Уулуң Ыйсага ишенем деп убада берем. Анын мен үчүн өлгөнүнө, айкаш жыгачка кадалып өлгөндө, менин күнөөлөрүмдү Өзүнө алганына ишенем. Өлгөндөн тирилгенине ишенем. Азыр өз жашоомду Анын колуна тапшырам. Кечирим менен түбөлүк өмүр ыроологонуң үчүн рахмат, Ата. Сен үчүн жашаганга мага жардам бере көр. Ыйсанын урматына сыйынам. Омийин».*

Эгерде чын дилиңерден сыйынган болсоңор, анда Кудай силерди кабыл алып, тазалап, рухий өлүм кишенинен бошотту. Төмөн жакта келтирилген Ыйык Жазуу үзүндүлөрүн окуп, Кудайдан Өз үнүн угууңарга жардам берүүсүн сурангыла, анткени эми силердин Аны менен болгон жаңы жашооңор башталып жатат.

Жакан 3:16, Эфестиктер 1:4
1 Коринттиктер 15:3–4
1 Жакан 4:14–15
1 Жакан 1:9, 1 Жакан 5:1
Эфестиктер 2:8–9
1 Жакан 5:12–13

Кудайдан туура ыйык китептик окууну колдонгон, Машаякты жакшыраак билип, рухий өсө алгандай жакшы жыйынды табуууга жардам берүүсүн сурангыла. Кудай дайыма жаныңарда. Ал силерди күн сайын багыттап турат, Өзү силерге буюрган берекелүү, баталуу жашоо менен кантип жашаса болорун көрсөтөт.

# Автор жөнүндө

Жойс Майер – көрүнүктүү Ыйык Китеп окутуучусу. Ал Кудай Сөзүн бүтүндөй жер жүзүндөгү миллиондогон адамдарга насыят кылып айтат.

Жойс жүздөгөн темалардын маанисин ачып, жетимиштен ашык китеп жазып, жыл сайын жыйырмага жакын конференция өткөрөт. 2004-жылы анын 2,5 миллиондон ашуун китеби сатылып, дагы бир миллиондон көбү бекер таркатылган. Анын теле берүүлөрүн дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнөн көрсө болот, ал эми анын радио программаларын үч жүз радиостанция обого чыгарат.

Кудай Жойсту ишенгендерди Кудай Сөзүндө бекемдөөгө чакырган. Бир кезде ал өзү жашоодон толук көңүлү жана үмүтү калгандардын бири болгон. Бүгүн болсо жашоодон ырахат алып жашайт, анткени ал Кудай Сөзүндөгү чындыктарды иш жүзүндө колдонууну жана кыйынчылыктарды жеңүүнү үйрөнгөн. Жеңген адам башкаларга да кантип жеңишке жетсе болорун үйрөтө аларына Жойс толук ишенет.

Бала кезинде зордуктан жабыркаганын, биринчи никеси оңунан чыкпай калганын жана жашоосунда башынан кечирген бардык кыйынчылыктары тууранда Жойс ачык

айтат. Ал өткөндөгү жашоосун жашырбайт, ошондой эле көйгөйлөргө туш болгондорго практикалык кеңештерин берет.

Жойс Майер Орал Робертстин Оклахомадагы университетинин кудай таануучулук боюнча ардактуу доктор даражасына жана Флоридадагы *"Лайф Кристиан"* университетинин философия жана кудай таануучулук доктору даражасына ээ. 2005-жылдын февраль айында "Таймс" журналы Жойс Маейрди Американын эң таанымал жыйырма беш жакшы кабарчысынын катарына кошкон.

Жойс Майердин бүт жашоосу Кудайдын ырайымы жана ишенимдүүлүгү жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Ал адамдын өткөндөгү жашоосу кандай гана болбосун, Кудай ал үчүн дайыма орун таап, кубанычка толгон, бакубат жашоого алып барчу туура жолго түшүүсүнө сөзсүн жардам берерин үйрөтөт.

## Айлаңарды кетиргенди токтоткула да... кубанычка толгула!



Айлаңарды таппай жатасыңарбы? Жашооңордо өзүңөр түшүнбөгөн нерселер болуп жатабы? Эмне себептен улам жашооңор ушундай болуп калганын сурап жатасыңарбы? Кудайга «Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн?» деп суроо берип жатасыңарбы? Ушул эле суроо көптөрдү шыктандырган бестселлердин автору Жойс Майерди да бир кезде кыйнап келген. Бирок бир күнү ал бул суроонун жообун күтө берүүнүн жүрөктөгү тынчтыкты кетирип, кубанычтан ажыратуудан башка эч пайда-батасы жок экенин түшүндү. Сиз да мындан ары айлаңарды кетирбей, эсиңерди жыйыштырып… жашооңорго кубаныч сезимин кайтара аласыңар. Жойс Майерге уруксат берсеңер, ал силерге:

- кантип бардыгын түшүнүү каалоосунан бошонсо болорун
- бардык ишенимге татыган Кудайды эш тутуп жашоону үйрөнсө болорун
- кечээги күнгө өкүнбөй, эртеңки күндө кабатырланбай жашаса болорун
- акылыңарды күнөөлүү табияттын тузактарынан сактап, ага рухий ой жүгүртүүнү үйрөтсө болорун көрсөткүсү келет.

Эгерде «Эмне үчүн, Кудайым, эмне үчүн?» деп сурап жатсаңар, анда силер туура эмес суроо берип жатасыңар. Колуңардагы эң сонун, өзгөчө китеп силерге Кудайга алып барчу жолду табууга жана… мурда болуп көрбөгөндөй ырахаттанып жашоого жардам бермекчи!

JOYCE MEYER
MINISTRIES